# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТЫН ФУНКЦИОНАЛДАШУУСУНУН СОЦИАЛДЫК МАҢЫЗЫ

**БАЗАКЕЕВА К.Ж.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК 369.032**

Кыргызстанда мамлекеттүүлүктү калыптандырууда жана андан ары өнүктүрүүдө мамлекеттик кызмат маанилүү институттардын бири болуп саналат жана андан бүтүндөй коомдук-саясий системанын функционалдашуусу, заманбап мамлекеттин өз функцияларын ишке ашырышы, ар кандай милдеттерди чечүүсү көз каранды. Мамлекеттик кызмат татаал социалдык көрүнүш. Ал өзү үчүн экономикалык, саясий, укуктук, социалдык, уюштуруучулук, кадрдык сыяктуу бир катар маселелерди жөнгө салууну өз мойнуна алат. Булардын бардыгы мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын камсыз кылуудагы мамлекеттик кызматтын көп кырдуулугун чагылдырып турат.

Мамлекеттик кызмат адамзат эволюциясынын жүрүшүндө аны менен тыгыз байланыштагы институт катары адамдын жашоо тиричилигинин, ишмердүүлүгүнүн сапаттык өзгөрүүлөрүн чагылдыруу менен коомдун чектеринде жана коом үчүн өнүгүп жүрүп олтурду.

Цвилизациялардын өнүгүүсүнүн алгачкы этаптарында өндүрүш күчтөрүнүн өнүгушунүн жыйынтыгында эмекти бөлүштүрүү жаралып, ар биринин орду, өз функциясы бар социалдык топтордун пайда болушуна түрткү болгон. Мындай социалдык катмарлашуунун жыйынтыгында мамлекеттин өзү жарала электе эле аныкталган бир кызмат менен алектенген адамдар бөлүнүп чыккан. Баштапкы эмгектин үч топко бөлүнүшүнөн кийин адам ишмердүүлүгүн акыл эмгеги (кызмат) жана кара күч эмгегине (өндүрүш) бөлүү пайда болгон. Коомдук турмуштун ажырагыс бөлүгү катары мамлекеттик кызмат өндүрүш менен катар кызмат кылып аны интеллектуалдык жактан камсыздап турган. Муну менен катар эле кызматтык ишмердүүлүк коомдук социалдык турмушунун: мамлекетти коргоону уюштуруу, коопсуздукту жана тартипти сактоо жана ошондой эле тышкы байланыштарды жөнгө салуу сыяктуу ж.б. багыттарын камсыз кылган.

Мамлекеттик кызмат ишмердүүлүктүн адистешкен чөйрөсү болуп, мамлекет менен бирге аны түзгөн составдык бөлүк катары жаралган. Белгилүү болгондой коомдук турмушту саясий жөнгө салуунун объективдүү зарылчылыгы жаралганда мамлекет пайда болгон. Коомдук өнүгүүнүн дал ушул баскычында мамлекеттин өзүн турмушка жараткан себептер өз кезегинде мамлекеттик кызматтын жаралышынын негизин түзөт.

Мамлекеттик кызмат биринчи кезекте саясий бийликке мамлекеттин функцияларын ишке ашыруу үчүн атайын башкаруу аппараты керек болгондо келип чыккан. Бул үчүн калктын жалпы массасынан атайын адамдардын топторун бөлүп алып, профессионалдык ишмердүүлүккө даярдап, аларды артыкчылыктуу абалга коюп, анан гана аларды мамлекеттик саясатты ишке ашыра турган ишенимдүү каражатка айландыруу максаты турган.

Бул жерде эске ала турган жагдай мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнүн эмгек менен бийликтин жана башкаруу аппаратынын, адамдар менен саясий кызматтагылардын ортосунда б.а. мамлекеттик кызмат системасында, саясий даражага ээ жана профессионалдык негизде иш алып баргандардын ортосунда сезилээрлик ажырым пайда болгондо гана жакшыраак өнүккөн мамлекеттик кызмат жаралган. Ошентип саясий элита өкүлдүк кылган бийлик башкаруу ички жана тышкы саясатты иштеп чыгууну, ал эми башкаруу аппараты менен чиновниктер ал саясатты ишке ашыруу функциясын өзүнө алат.

Демек, мамлекеттик кызмат эмгекти бөлүштүрүүдөн келип чыккан эмгектин өзгөчө түрү болуп саналат.

Мына ушундай жагдайлардын натыйжасында мамлекеттик кызматкерлердин ишмердүүлүгүнүн адистешкен чөйрөсү катары мамлекеттик кызмат келип чыккан.

Мамлекет пайда болгондон баштап мамлекеттик кызматтын маңызы администирлештирүүгө чыгарыла баштады, башкача айтканда мамлекет өзүнүн башкаруучулук ишмердүүлүгүн мамлекеттик бийлик жана мамлекеттик кызматкерлер аркылуу ишке ашырат.

Мамлекеттик кызмат тарыхый өнүгүүнүн чектеринде татаалданып, өнүгүп жүрүп олтуруп акырындык менен мамлекеттин функцияларынын ишке ашыруунун адистешкен заманбап формасына айланды. Тарыхый тажрыйба көргөзгөндөй профессионал мамлекеттик кызматтын түзүлүшү салыштырмалуу узак процессти өз ичине камтыды. Мамлекеттик кызматтын өнүгүү тарыхы анын социалдык табияты мамлекеттин мүнөзүнөн көз каранды экенин ачыктады.

Мамлекет ар кандай түрдө болоору эчак эле аныкталган. Класстык табияты боюнча алар: кул ээлөөчүлүк,феодалдык, буржуазиялык, социалисттик болуп бөлүнсө; башкаруу формасы боюнча монархиялык, республикалык, президенттик, парламенттик болуп; ал эми саясий уюмдашуу тузүлүшү боюнча унитардык, федеративдик, конфедеративдик болуп бөлүнөт. Ал эми саясий режимдин мүнөзүнө жараша: демократиялык, авторитардык, тоталитардык, диктатордук, деспоттук, либералдык жана башка болуп бөлүнөт. Мамлекеттик кызмат ошол мамлекеттин тиешелүү ар түрдүү жактарын алып жүргөн окшош көчүрмөсү болуп саналат. Мамлекеттик кызматтын мамлекеттеги саясий режимге мүнөздүү табиятына көз карандылыгын М.Вебер өз эмгектеринде белгилеген. Ал легитимдүү үстөмдүктүн үч түрүн бөлүп көргөзгөн алар: рационалдуу, патриархалдык жана харизматикалык. Булардын ар бири ар кандай коомдук-саясий түзүлүштөгү өлкөлөрдүн өзгөчөлүгүн чагылдырылышы болуп саналат.

Саясий үстөмдүктүн рационалдуу түрү АКШ, Англия, Франция сыяктуу өнүккөн буржуазиялык демократиялык өлкөлөргө мүнөздүү. Бул өлкөлөрдө мамлекеттик иштерди башкаруу жогорку профессоиналдык даярдыктагы чиновниктердин аппараты аркылуу ишке ашырылган.

Саясий өкүмдарлыктын патриархалдык түрүндө, өзгөчө феодалдык мамлекеттерде “байыркы доорлордон берки эрежелердин” “улуктугу” жана өзгөрбөстүгү артыкчылыкка ээ болгон. мындай өкумдарлыктагы

Башкаруу Кызматы так иерархиялык түзүмгө ээ. Алар: башчы, башкаруу штабы, баш ийүүчүлөр, букаралар. Башкаруу аппараты жеке берилгендик эмес, ишкерлик компотенция принциби менен түзүлөт. Жетекчиге же төрөгө берилгендик кызмат тепкичинде жогорулоого негиз болуп саналат. Мындай типтеги мамлекеттерде мазмуну боюнча формалдуу укук жокко чыгат да, башкаруучунун өзүм билемдигине орун берилет. Кызматчылар аракеттеги жазалоо системсынан канчалык корксо, алар өз милдеттерин ошончолук кызганыч менен аткарышат.

Мында өкүмдар аларды кечирүү же жазалоо укугуна ээ.

Ал эми үчүнчү типтеги мамлекеттерге М.Вебер харизматикалык мамлекеттерди кошкон. Алар авторитардык типтеги мамлекеттерге мүнөздүү.

Мамлекеттик кызматтын социалдык табияты мамлекеттик кызматкерлердин социалдык-класстык курамы менен аныкталат. Ар бир эле мамлекет өз саясатын ишке ашыра турган ишенимдүү мамлекеттик кызматты түзүүгө аракет кылат. Класстык коомдогу мамлекеттик кызматтын ишенимдүүлүгү мамлекеттик атка минерлердин социалдык курамы, алардын коомдогу тигил же бул катмарга тиешелүүлүгү менен аныкталат, мында ал социалдык клаасс иш-жагдайлардын жалпы абалы үчун мамлекет менен жоопкерчиликти бөлүшөт. Адатта мындай шартта башкаруу аппаратын, мамлекеттик структураларды тузүүдө сословиелик принцип колдонулат.

Мамлекеттик кызмат институтунун социалдык мүнөзү  жана мамлекеттик кызматты уюштуруу, ишке ашыруу демократиялык мамлекеттерде  конституцияларда расмий түрдө бекемделген.  Буга 1948-жылы кабыл алынган  адам укугунун Жалпы декларациясы жана ажырагыс адам укуктары түрткү болгон. Жалпы декларациянын 21-статьясында: ар бир адам өз өлкөсүн башкарууга туздөн-түз же шайланган өкүлдөр аркылуу  катыша алат; ар бир адам өз өлкөсүндөгү мамлекеттик кызматка ьирдей жеткиликтүүлүк укугуна ээ деп жазылган. Коомдук өнүгүүнүн демократиялык баскычында гана мамлекет- мамлекеттик кызматтын жалпыга жеткиликтүүлүгүн камсыз кыла алат. Учурда мамлекеттик кызматка граждандардын бирдей жеткиликтүүлүк принциби КРнын Констиуциясынын 4-бөлүгүнүн 52-беренесинде  жана  “Мамлекеттик кызмат” жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамында бекемделген.  Башка мамлекеттердегидей эле биздин өлкөдө да мамлекеттик кызмат адамдын ата-тегинен, социалдык жана мүлктук абалынан, улутунан, рассасынан, жынысынан, саясий жана диний көз карашынан, жашаган жеринен көз карандысыз калыптанат. Бирок адам тиешелүү билимге, адистешкен профессионалдык даярдыка сөзсүз ээ болуш керек жана иштелип чыккан конкурстук тандоо процедурасынан өтушү керек.  Тигил же бул мамлекеттик кызматка олтуруш үчүн  гражданин 21 жашка толушу, мамлекеттик тилде сүйлөй билиши жана тиешелүү социалдык-этикалык, профессионалдык сапаттарга ээ болуусу зарыл. Бул ага мамлекет жүктөгөн кызматтык максат, милдеттерин ийгиликтүү чечүүсүнө мүмкунчүлук берет.

Демек мамлекеттик кызматтын негизги булагы болуп анын  калыптанышынын жана өнүгүшүнүн  социалдык шарттары саналат. Анын социалдык табияты бүт бойдон коомдун саясий түзүлүшүнүн мүнөзү, мамлекеттин өзгөчөлугү, мамлекеттин эркин ишке ашыруучулар, өткөрүүчүлөр болгон мамлекеттик кызматкерлердин курамы менен аныкталат.

Мамлекеттик кызмат коомго пайдалуу ишмердүүлуктүн түрү болуп саналат. Укуктук, демократиялык мамлекеттеги мамлекеттик кызматтын  социалдык мүнөзү - анын табияты, максаты, функциялары жана уюштуруу принциптери менен аныкталат, башкача айтканда мамлекеттик кызмат заманбап түшүнүктө тар мааниде “мамлекетке кызмат кылуу эмес, мамлекеттин ыйгарым укуктарын жана функцияларын камсыз кылуу боюнча профессионалдык ишмердүүлүк катары” каралат.

Мамлекеттик кызматтын социалдык табияты мааниси жана орду анын функционалдашуусунун тиешелүү мүнөзүн да шарттайт.

Демократиялык коомдо, укуктук, социалдык мамлекеттин шарттарында мамлекеттик кызматтын иш алып барышы өзүнүн мүнөзү боюнча элге жана мамлекетке кызмат кылуу процессин сунуштайт.  Саясий система, биринчи кезекте мамлекеттин өзү чыныгы элдик мүнөзгө ээ болуп элдин үмүттөрү жана кызыкчылыктары менен жашашы керек.

Ал эми жаңы тарыхий шарттарда мамлекеттин күчү жөнүндөгү түшүнүк түп тамырынан өзгөрүүдө. А чыныгы демократиялык режимдерге сыйдырылган. Мамлекет кайсыл учурда күчтүү боло алат? Албетте элдин кызыкчылктарын (жок дегенде көпчүлүгүнүн) чагылдырганда жана мамлекеттик органдар менен граждандык коомдун институттарынын ишмердүүлүгү ийкемдүү координация болгондо. Ошондой координациялоонун гана аркасы менен мамлекеттин саясатын түзүү жана ишке ашыруунун формалдуу жана формалдуу эмес системасы түзүлөт. Өз кезегинде мамлекеттик кызмат социум менен мамлекеттин күч аракетин бириктирип эл аралык жана ички позициялардын өнүгушүнө жана гүлдөшүнө түрткү болот.

Мамлекеттик кызматтын функционалдашуусунун социалдык мунөзү төмөндөгү функцияларда чагылдырылат.

Уюштуруу түшүнүгү үч мааниде колдонулат:

1) ички ирээттүүлүк, анын түзүмүнө шартталган бүтүндүн дифференцияланган жана автономдуу бөлүктөрү;

2) Бөлүктөр менен бүтүндүн ортосундагы өз ара байланыштарды өз ара мамилелердин түзүлүшүн жана өркүндөшүнө алып келген процесстердин жыйындысы.

3) Аныкталган эрежелердин жана процедеруалардын негизинде кайсы бир программаны же максатты биргелешип ишке ашырууга багытталган элдердин жыйындысы.

Мамлекеттик кызмат уюдардын жана уюмашуунун үлгүсү болууга тийиш. Демократиялык жана социалдык мамлекет үчүн бул - мамлекеттик кызматтын функционалдашуусунун укуктук жактан так жөнгө салынышын шарттайт, о.э. мамлекеттик кызматкерлердеги профессионализмдин жана маданияттын жогорку денгээли, мамлекеттик бийлик органдарынын натыйжалуу жана жыйынтыктуу ишмердүүлүгү, заманбап маалымат технологияларын, башкаруунун жана мамлекеттик кызматтын алдынкы тажрыйбасына ыңгайлашуу.

Мында коомдук пикир жана граждандардын ар кандай мамлекеттик актыларга карата болгон мамилеси иликтелет. Мамлекеттик кызмат аркылуу ммлекеттик саясаты ишке ашырылат жана анишке ашырууда аймактык жана жергиликтүү өзгөчөлүктөр эске алынат. Ошондуктан мамлекеттик кызмат маалыматтык-коммуникациялык система катары чыгып, мамлекеттик кызматтын түзумдүк бөлүктөрүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында маалыматтын кыймылын камсыз кылган, маалымат базасынын жана коммуникация линияларынын тармакталган уюгу. Бул үчүн мамлекеттик кызмат заманбап маалымат технологияларын, адистешкен маалыматтар банкын, маалымат-аналитикалык кызматтарды колдонот жана ар кандай массалык маалымат каражаттары менен кызматташып аракеттенет.

Мамлекеттик кызмат ошондой эле социалдык маалымат функциясын ишке ашырат. Мамлекеттик аппарат маалыматтарды алып жүрүүчү анын аркасында ммлекеттик кызмат системасында маалматкка ээ болуу жана аны колдонуу боюнча байланыштар жана мамилелер жаралат. Мамлекеттик кызматтын функционалдашуусунда жөнгө салуу функциясы практикалык жактан чоң мааниге ээ. Ал мамлекет менен социумду байланыштырган мамлекеттик кызматтын өздүк абалынан келип чыгат.

Мамлекеттин институттары менен граждандык коомдун институттарынын өз ара аркеттенүүсүндөгү мамлекеттик кызматтын жөнгө салуучулук ролу жөнүндө айтылды. Ал мамлекеттин атынан эмгек чөйрөсүндө, менчик, турак жай ж.б.у.с. мамилелерди жөнгө салат.

Ал эле эмес мамлекеттик кызмат өлкө үчүн эң маанилүү болгон тарбиялык функцияны да аткарат. Анткени мамлекеттик кызмат тынчтык, достук, жакшылык жана акыйкаттык , Мекенди сүйүү, ата-бабаларды урмат менен эскерүү сыяктуу коомдогу гуманисттик баалуулуктарды өлкө граждандарынын аң сезимине баарына жеткиликтүү ыкмалар формалар менен орнотот.

Ошондой эле социалдык пландан алып караганда көзөмөлдөөчү функция да чоң мааниге ээ. Туура жүргүзүлгөн көзөмөл бардык мамлекеттик бийлик органдарынын, коомдук институттардын жана граждандардын конституциялык жоболорду, укуктук нормаларды так сактоолоруна түрткү болот. Мамлекеттик кызматтын чектеринде башкаруучулук көзөмөл артыкчылыктуу болуп чыга келет. Себеби ал түзүлгөн кырдаалды аңдоого, кабыл алынган чечимдерге тактоо киргизүүгө мүмкүндүк берет. Мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердүүлүгүнүн устүнөн граждандык коомдун институттары жана граждандар тарабынан социалдык көзөмөлдү да орнотуу зарыл. Ошондуктан социалдыккөзөмөлдү ишке ашыруунун талапка ылайык механизмдерин иштеп чыгуу зарыл.

Андан ары мамлекеттик кызматтын мазмуну граждандардын укук жана эркиндиктеринин корголушу, алардын коомдук бакубатчылыгы, мыйзамдуу талаптарынын канааттандырылышы, атуулдук ар-намысынын корголушу аркылуу чагылдырылат.

Мамлекеттик кызматтын функционалдашуусунун социалдык маңызы: мамлекеттик кызматкерлердин башкаруу ишмердүүлүгүнүн демократиялык процедуралары, мамлекеттик кызматкерлердин саясий, профессионалдык жана жеке инсандык сапаттары менен сезилээрлик денгээлде аныкталат. Мамлекеттик кызматка социалдык институт катары мүнөздөмө берүүнү жыйынтыктап жатып анын коомдогу ар кандай өзгөрүүлөргө сезимталдык менен жыйрылаарын өзгөчө белгилөөгө болот. Коомдук турмуштун демократияланышы мамлекеттик башкарууга мамлекеттик кызматка таасир этүүдө. Ал көп жагынан калктын суроо талаптарын канаттандырган, өз кардарларына ар кандай административдик кызмат көрсөткөн системага айланууда. Мунун натыйжасында граждандардын мамлекеттик аппараттан окчундоосу жана социалдык өнөктөштүк абалы түзүлүп ал өз кезегинде коомдо стабилдүүлүккө, чыныгы демократиялык негизде өнүгүүгө түрткү болууда.

Кыргыз Рреспубликасындагы мамлекеттик кызматка талдоо жүргүзүү анын пайда болушунун социалдык шарттуулугун, бул феномендик коомдук мамилелерде өнүгүүсүн, мамлекеттик кызматтын социалдык табиятынын коомдун саясий түзүлүшүнөн, мамлекеттин түрүнөн, мамлекеттик кызматкерлердин аларга тиешелүү сапаттарынан жана анын башка социалдык институттар менен ар тараптуу байланышынан көзкаранды экенин көргөзүүдө. Мамлекет менен граждандык коомдун ортосундагы байланыштыруучу звено катары мамлекеттик кызмат коомдук системанын өнүгүүсүнүн демократиялык этабында граждандардын кызыкчылыктарына кызмат кылат жана саясий-социалдык, экономикалык кайра жаралуулардын ишке ашышында маанилүү фактор болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Вебер М. Избранные произведения. М., 1990. - 808 с
2. Зинченко Г. П. Социология государственной и муниципальной службы: программа, концепция // Социс. 2006. - №6. - С. 102-110.
3. Облонский А.В. «Государственная служба». Издательство «Дело», Москва, 2005 г.